unesco

Institute for
Lifelong Learning

CONFINTEA VII

# CONFINTEA VII
## Марракеш иш-аракеттер алкактары: Чоңдорду окутуунун жана билим берүүнүн өзгөртүүчү күчүн пайдалануу



Education 2030

unesco
Institute for
Lifelong Learning

# CONFINTEA VII. Марракеш иш-аракеттер алкактары:Чоңдорду окутуунун жана билим берүүнүн өзгөртүүчү күчүн пайдалануу

## Преамбула

1. Биз, ЮНЕСКОнун 142 мүчө-мамлекеттеринин өкүлдөрү, ошондой эле жарандык коом уюмдарынын, социалдык өнөктөштөрдүн, Бириккен Улуттар Уюмунун мекемелеринин, өкмөттөр аралык мекемелердин, жаштардын жана жеке сектордун өкүлдөрү, **Марракеш шаарында, Марокко Королдугу,** чогулуп, анын ичинде онлайн форматында, **2022-жылдын 15-июнунан 17-июнуна чейин** Чоңдорго билим берүү боюнча жетинчи эл аралык конференциянын (CONFINTEA VII) катышуучулары катары чогулдук. Конференция дүйнө жүзүндө билим берүү системасына, анын ичинде чоңдорду окутууга жана билим берүүгө (ЧОБ) олуттуу таасир тийгизген пандемия убагында өтүп жатат.

2. Биз 2009-жылдагы CONFINTEA VI конференциясынан кийин чоңдорго билим берүү жаатындагы чакырыктарды жана жетишилген прогрессти баалоо жана кийинки 12 жылга - 2030-ж. чейин жана кийинки жылдарга чоңдорго билим берүүнү өнүктүрүүнүн жол картасын иштеп чыгуу үчүн чогулдук.

3. Биз **КОНФИНТЕА VI жетишкендиктери** жөнүндө, анын ичинде 2009-ж. Белен иш-аракеттер алкактарында чоңдорго билим берүүнү билим алуу укугун камсыздоодо маанилүү элемент катары таануу, ошондой эле бүгүнкү күндө дагы актуалдуу бойдон калып жаткан чоңдорго билим берүү үчүн иштин беш багытын: саясат, башкаруу, каржылоо, катышуу, инклюзивдүүлүк, адилеттүүлүк жана сапатты аныктоо жөнүндө эскертебиз. Ошондой эле биз BFA тапшырмасы боюнча чоңдорго билим берүүнүн өнүгүүсүн үзгүлтүксүз көзөмөлдөгөн, Чоңдорду окутуу жана билим берүү жөнүндө ЮНЕСКОнун глобалдык баяндамасынын (GRALE) баалуулугун баса белгилейбиз.

4. GRALE маалыматтарына таянуу менен, биз **2009-жылдан бери көрүлгөн, чоңдорго билим берүүнү жана өсүр бою билим алууну илгерилетүү боюнча эл аралык коомчулуктун негизги аракеттерин** карайбыз. Аларга төмөндөгүлөр кирет: эл аралык коомчулуктун 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү жаатындагы күн тартибин жана анын Туруктуу өнүктүрүү максаттарына (ТӨМ) жактоочулугу: эл аралык коомчулуктун өмүр бою билим алууга көмөктөшүү зарылчылыгын кеңири таануусу, мунун мисалы болуп 4-ТӨМ «Баарын камтыган жана адилеттүү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу жана бардыгы үчүн өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн илгерилетүү» саналат; Келечек үчүн билим берүү маселелери боюнча эл аралык комиссиянын отчету; GRALE; беш отчеттун жардамы менен чоңдорго билим берүү ишине сапаттуу глобалдык мониторинг; Билим берүү мониторинги жөнүндө дүйнөлүк баяндама (GEM) жана башка демилгелер, анын ичинде өмүр бою билим алуунун алкагында сабаттуулукту жайылтууну колдоо глобалдык альянсы (GAL) жана чоңдорго билим берүүнү глобалдык күн тартибине жана билим берүү түзүмүнө интеграциялоого багытталган кадамдар. Ошентип, Марракеш алкактарын ишке ашырууда адам укуктарына негизделген ыкманы жетекчиликке алуу керек.

5. Биз **COVID-19 пандемиясынын** чоңдорго билим берүүгө узак түзүмдүк таасирине жана анын бул жааттагы кесепеттерине өзгөчө көңүл бурабыз. Пандемия өкмөттөр жана коомчулуктар тарабынан билим, көндүмдөрдү жана компетенцияларды алуу стратегиясын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун зарылчылыгына, ошондой эле бул кризистин кесепеттерин жеңүүдө жардам берүү үчүн жаштарга жана чоңдорго колдоо көрсөтүүгө багытталган окутуу чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгууга кошумча көңүл бурууга алып келди. Ошондой эле биз «жашыл» жана санариптик технологияларга өтүүдөн улам коомдогу жана эмгек чөйрөсүндөгү өзгөрүп жаткан муктаждыктарды канааттандыруу үчүн кайра квалификациялоо жана квалификацияны жогорулатуу боюнча стратегияны иштеп чыгуу зарылчылыгын баса белгилейбиз.

6. Биз 2015-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы ассамблеясы тарабынан кабыл алынган **2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүктүрүү жаатындагы күн тартиби** жөнүндө эскертебиз жана 17-ТӨМгө жетүүгө умтулабыз. Биз өмүр бою билим алуу бардык 17 максатка жетүү үчүн чечүүчү мааниге ээ экенин жана чоңдорго билим берүү өмүр бою билим берүүнүн негизги аспекти болуу менен, аларга жетүү үчүн ачкыч болуп санала турганын тааныйбыз. Биз 4-ТӨМгө жактоочулукту өзгөчө ырастайбыз, ага ылайык мүчө мамлекеттер «баарын камтыган жана адилеттүү сапаттуу билим берүүнү камсыздоого жана бардыгы үчүн өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүгүн колдоого» милдеттеништи. Биз 2021-жылдын майында кабыл алынган, туруктуу өнүктүрүү кызыкчылыктарында билим берүүнүн маанилүүлүгүн тастыктаган **Туруктуу өнүктүрүү кызыкчылыктарында билим берүү жөнүндө Берлин декларациясын** белгилейбиз жана чоң окуучулардан анын 16 сунуштамасын аткарууда жардам берүүгө чакырабыз. Ошондой эле Келечек үчүн билим берүү маселелери боюнча эл аралык комиссиянын (UNESCO, 2021) «Биздин перспективаны биргеликте түшүнүү: билим берүү жаатындагы жаңы коомдук келишим» баяндамасын белгилей кеткибиз келет, анда өмүр бою сапаттуу билим алууга укук ырасталат жана туруктуу келечекти куруу үчүн билим берүүнүн өзгөртүүчү күчү баса белгиленет.

7. Биз гендердик ченемдер окуучулардын билим берүүгө натыйжалуу катышуу жөндөмдүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн экенин таануу менен, Комиссиянын чоңдорду окутуудагы жана билим берүүдөгү «гендердик теңдикти жана бардыгы үчүн укукту» камсыздоо чакырыгын чечкиндүү колдоого алабыз. Гендерди-өзгөртүүчү чоңдорду окутуу жана билим берүү саламаттык сактоо, коргоо жана сот адилеттиги сыяктуу секторлордон билим берүүнүн катышуучуларын бириктирип, комплекстүү, бүтүн жана муундар аралык болушу керек.

8. Биз 2015-ж. ЮНЕСКОнун Башкы конференциясы тарабынан кабыл алынган **Чоңдорду окутуу жана билим берүү боюнча сунуштамаларды (RALE)**, анын ичинде ЧОБ аныктамасын[1] жана окутуунун үч негизги багытын аныктоону карманабыз: сабаттуулук жана базалык көндүмдөр; билим берүү жана кесиптик көндүмдөрдү үзгүлтүксүз жогорулатуу; ошондой эле либералдык, элдик, жамааттык билим берүү жана жарандык көндүмдөр.

9. Биз чоңдорго билим берүү саясаты жана практикасы курактын, билим деңгээлинин, мейкиндиктердин жана окутуу ыкмаларынын кеңири диапазонуна карата колдонула турганын белгилөө менен, **чоңдорго билим берүү өмүр бою билим берүүнүн маанилүү компоненти[2]** экенин ырастайбыз жана өмүр бою билим алуу ар кандай деңгээлдерде окуган коомдун, анын ичинде адамдардын, үй-бүлөлөрдүн, уюмдардын, жумуш орундарынын, райондордун, шаарлардын жана аймактардын негизги кыймылдаткычы экенин тааныйбыз.

10. Биз билим берүү, анын ичинде чоңдорго билим берүү, аламдын негизги укуктарынын бири экенин жана Келечек үчүн билим берүү маселелери боюнча эл аралык комиссия ырастагандай, билим берүүнү коомдук иш жана коомдук жыргалчылык катары түшүнүү жана аныктоо үчүн чечүүчү мааниге ээ болгон милдеттенме экенин билдиребиз.

11. Ошондой эле биз CONFINTEA VII, аймактык жана субаймактык даярдык конференцияларын уюштурууда ЧОБ эл аралык коомчулугунун үзгүлтүксүз, бай жана ар түрдүү салымын, анын ичинде өкмөттүк жана өкмөттүк эмес кызыкдар тараптардын аракетин тааныйбыз, жыйынтыктоочу документтер BFA, Suwon CONFINTEA VI орто мөөнөттүү серептик отчет, GRALE, RALE жана ЮНЕСКОнун «Биздин перспективаларыбызды биргеликте түшүнүү» баяндамасы менен катары бул иш-аракеттер алкактары үчүн негиз болуп калды.

[1] "Чоңдорду окутуу жана билим берүү өмүр бою билим берүүнүн негизги компоненти болуп саналат. Ал бардык чоң кишилердин коомдун жашоосуна жана эмгек ишмердигине катышуусун камсыз кылууга багытталган билим берүүнүн жана окутуунун бардык формаларын камтыйт. Бул түшүнүк формалдуу, бейформал жана информалдык окутуу процесстеринин бардык жыйындысын камтыйт, ал аркылуу чоң деп эсептелген адам өзү жашаган коомдо жеке кызыкчылыгында, ошондой эле өзүнүн жамаатынын, уюмунун жана коомунун кызыкчылыктарында жашоо жана эмгек үчүн зарыл болгон өзүнүн жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт жана байытат. Чоңдорду окутуу жана билим берүү өзүнө негизги көндүмдөрдү алууга, таанууга жана колдонууга, ошондой эле аларды алмашууга багытталган туруктуу ишмердикти жана процесстерди камтыйт. Жаштык менен чоң жашоонун ортосундагы чек ара көпчүлүк маданиятта айырмалангандыктан, бул документте «чоңдор» термини алар мыйзамда каралган жетилгендик курагына жетпсе дагы, чоңдорду окутууга жана билим берүүгө тартылган бардык адамдарды билдирет». (Чоңдорду окутуу жана билим берүү боюнча сунуштамалар, 2015-ж., 6-бет).

[2] "Негизинен, өмүр бою билим алуу окуу менен жашоонун интеграциясына негизделген жана бардык курактагы адамдардын (балдар, жаштар, чоңдор жана улгайган адамдар, кыздар жана балдар, эркектер жана аялдар) жашоонун бардык кырдаалдарында (үй-бүлө, мектеп, жамаат, жумуш орду жана башка) жана ар кандай ыкмалардын алкагында (формалдуу, бейформал жана информалдык) билим алуу боюнча ишин камтыйт, алардын баары бирге билим берүү жаатындагы муктаждыктардын кеңири спектрин канааттандырууга жөндөмдүү. Өмүр бою билим алууга көмөктөшкөн билим берүү системасы ар бир адамга билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн берүүнү камсыз кылуу үчүн ар кандай секторлордун жана деңгээлдердин катышуусу менен бүтүн жана жалпы сектордук мамилеге таянат" ("Билим берүү-2030" алкактык иш-аракеттер программасы, ЮНЕСКО, 2015-ж., 30-бет, 5-шилтеме).

12. Коомго фанатизм жана зомбулук экстремизминин күчөшү, илимге ишенбөөчүлүк, өлкөлөрдүн ичинде жана өлкөлөр ортосундагы теңсиздиктин күчөшү коркунуч жаратkан учурда, биз чоңдорго билим берүү социалдык биримдикти чыңдоо, социалдык-эмоционалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүнү жакшыртуу, тынчтыкты камсыздоо, демократияны бекемдөө, маданий өз ара түшүнүшүүнү жакшыртуу, басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу жана тынч жашоону колдоо жана социалдык активдүү жарандарды тарбиялоо үчүн олуттуу саясий күчтү жаратышы мүмкүн экенин ырастайбыз.

13. Биз 2022-жылдын сентябрында боло турган «Билим берүүнү өзгөртүү» Саммитинин ажырагыс бөлүгү катары Марракеш иш-аракеттер алкактарынын сунуштамаларын жайылтууга милдеттенебиз. Биз бул алкактардын маанилүүлүгүн эскертебиз, алар Саммит үчүн маалымдама документи катары кызмат кылат.

**Принциптер жана приоритеттүү багыттар**

14. Өмүр бою билим алуу перспективасынын алкагында чоңдорго билим берүүнү илгерилетүү: Белен иш-аракеттер алкагынын приоритеттүү багыттары актуалдуу бойдон каларын таанып, 4-ТӨМ чоңдорго билим берүүнү өмүр бою билим алуунун туруктуу өнүгүүгө жана ЮНЕСКОнун Уставында түптөлгөн тынчтыкты кепилдөөгө көмөктөшкөн негизги компоненти катары позициялоо мүмкүнчүлүгүн берет.

15. Жаңы коомдук келишимди түзүү: «Биздин перспективаларыбызды биргеликте түшүнүү» баяндамасынын тыянактарына жана сунуштарына шыктануу менен, чоңдорду окутуу жана билим берүү адам укуктарына, демократиялык коомго, этикалык принциптерге, жамааттык акылды мобилизациялоого жана дисциплина аралык билимге таянган ачык диалогго негизделген гумандык жоопт чараларын түзүүдө негизги ролду ойной турганын түшүнүү керек.

16. Акыркы он жылдыкта, анын ичинде аялдар арасында сабаттуулукту камсыздоо чөйрөсүндө жетишилген олуттуу прогресске карабастан, көпчүлүк өлкөлөр дагы эле сабаттуулуктун, анын ичинде санариптик сабаттуулуктун тиешелүү деңгээлине жетүүгө жана олуттуу гендердик ажырымды жеңүүгө аракет кылууда. 2021-жылы 770 миллиондон ашык чоңдор сабаттуулуктун базалык көндүмдөрүнө ээ болгон эмес, мында беш адамдын үчөө аялдар болгон (UIS). Адамдар, үй-бүлөлөр, коомчулуктар, коомдор жана планета үчүн сабаттуулуктун артыкчылыктары жакшы документтештирилген, ал эми чоң калктын арасында сабатсыздыкты жоюу боюнча программалар финансылык колдоо тапкан жок жана саясий деңгээлде жетиштүү көңүл бурууга жетишкен жок.

17. Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү үчүн чоңдорду окутуунун жана билим берүүнүн потенциалын ачыкка чыгаруу: климаттын өзгөрүшү адамзат үчүн да, башка жандуу жандыктар үчүн жа чоң коркунуч жаратат. Бул бизди планетага кам көрүү глобалдык талап болушу керектигин таануу менен, учурдагы өндүрүш жана керектөө моделдерин кайра кароого, жаңы тармактарды ойлоп табууга жана келечек муун үчүн өзүнө моралдык жоопкерчилик алууга түртмөлөйт. Ушундан улам, климаттын өзгөрүшү жаатындагы билим берүү өмүр бою билим берүү системасына киргизилиши керек. Чоңдорго билим берүү бул «жашыл» трансформациянын бир бөлүгү болушу керек. Бул жаштарга жана чоңдорго көйгөйлөрдү түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берет, алардын маалымдуулугун жогорулатат жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу жана ага каршы аракеттенүү үчүн, ошондой эле туруктуулукту өнүктүрүү жана өзгөртүүлөргө катышуу үчүн керектүү билим жана мүмкүнчүлүктөр менен куралдандырат. Чоңдорду окутуу жана билим берүү алар балдар үчүн үлгү жана жергиликтүү, улуттук жана глобалдык деңгээлдерде өзгөрүүлөрдүн жол көрсөткүчтөрү болушу үчүн чоңдордун жана улгайган адамдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө маанилүү ролду ойнойт. Коомдоштуктарда окутуу жана жарандык билим берүү туруктуу өнүктүрүүнүн, анын ичинде айыл жерлерин өнүктүрүүнүн жана климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттери жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуунун маанилүү факторлору болуп саналат. Мындан тышкары чоңдорду окутуу жана билим берүү институттары коомдун «жашыл» трансформациялоо, өзүнүн окуу программаларын, орун жайларын жана башкаруу ыкмаларын «жашылдандыруу» үчүн модель катары чыгышы мүмкүн.

18. Бардык окуучулардын, анын ичинде улгайган адамдардын санариптик чөйрөдө окууга тең жетүү мүмкүндүгүнө көмөктөшүү: технологиялар чоңдорду окутуу ыкмаларына, ошондой эле зарыл компетенцияларга жана көндүмдөргө маанилүү өзгөртүүлөрдү киргизет. Алар жеке окутууну жайылтуу боюнча күчтүү курал жана катализатор болуп калды. Технологиялар билим берүү чөйрөсүндө прогресстин кыймылга келтирүүчү күчү болуу менен катар, алар социалдык же жамааттык билим алууну татаалдаштыра турган жаңы тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн, учурдагы социалдык айырмачылыктарды кеңейтет жана жаңысын пайда кылат. Бардык окуучулардын санариптик чөйрөдө окууга тең жетүү мүмкүндүгү бул көйгөйлөрдү чечүүнүн маанилүү шарты болуп саналат. Бул чоң жарандар кантип коомдун активдүү мүчөлөрү болгонуна таасирин тийгизет жана жалган жана ишенимдүү эмес маалыматка каршы аракеттенүү үчүн онлайн-чөйрөдө багыт алууда сын көз караш менен ой жүгүртүүнүн, баарлашуунун, эмпатиянын жана социалдык көндүмдөрдүн маанилүүлүгүн жогорулатат. Санариптик ажырымды жеңүү үчүн натыйжалуу стратегияны, саясый чараларды жана куралдарды иштеп чыгуу, жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүү, интернет-мамилелерин укуктук жөнгө салуу көйгөйлөрүн чечүү жана технологияларды кыянаттык менен пайдалануунун алдын алуу – мунун баары чоңдорго билим берүүнүн өзгөртүүчү жана эркиндик берүүчү күчүн түзүү үчүн чечүүчү мааниге ээ. Натыйжалуу санариптик педагогика күндүзгү, аралыктар жана аралаш форматтарда окутуунун жаңы моделдерин талап кылат.

19. Чоңдорду келечектеги жумушка даярдоо: демографиялык жылышуу, төртүнчү өнөр жай революциясы, ааламдаштыруу жана климаттын өзгөрүшү экономиканы жана эмгек рыногун олуттуу өзгөртүп жатат. Бул өзгөрүүлөр иштин мүнөзү, жумуштуулук түзүмү, иштин мазмуну жана талап кылынган компетенциялар жана көндүмдөр үчүн олуттуу кесепеттерге ээ. Ондогон жылдар аралыгында үстөмдүк кылуучу модель болгон билим берүүдөн ишке өтүү анча актуалдуу болбой калды, анткени чоңдор өзүнүн эмгек ишмердүүлүгүндө татаал траекторияларды басып өтүшөт. Бул контекстте чоңдорго билим берүүнүн милдети кызыкдар тараптардын биргелешкен жоопкерчилиги аркылуу ийкемдүү мамиленин негизинде өмүр бою тиешелүү билимди, компетенцияларды жана көндүмдөрдү адилеттүү алууну, анын ичинде кесиптик багытты жана ишке орношуу, татыктуу жумушка ээ болуу, карьералык өсүү жана ишкердик үчүн билим алууда башка жардамды камсыздоодо турат. Демографиялык тенденциялар дүйнө жүзүндө адамдардын жашоосунун күтүлгөн узактыгы өсүп жатканын, бул дүйнөнүн улгаюусуна алып келип жатканын көрсөтөт. Көптөгөн өлкөлөрдө калктын олуттуу бөлүгү иштебей тургандыктан, улгайган адамдарды эмгек ишмердигин аяктагандан кийинки жашоого даярдоого көңүл буруу менен, анын ичинде алардын жыргалчылыгын жана бардык чөйрөлөрдө ыракат алуусун камсыздоо менен, алардын коомдук жашоого катышуусу үчүн чоңдорго билим берүүнү ыңгайлаштыруу зарыл. Мындан тышкары, көмүртек нейтралдуулугуна жетиштүү жана айлана-чөйрөнү коргоо үчүн зарыл болгон экономиканын трансформациясы учурда эмгек рыногунда турган чоңдорду кайра даярдоодо жана квалификациясын жогорулатууда курч муктаждыкты жаратат.

20. Өмүр бою билим алуу маданиятын түзүү: өмүр бою билим алуу COVID-19 пандемиясы жана ал татаалдаштырган теңсиздик пайда кылган көйгөйлөргө толуктоо катары, климаттык кризистен тартып технологиялык жана демографиялык өзгөрүүлөргө чейин адамзат кабылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн олуттуу мааниге ээ. Буга жетиштүү үчүн чоңдорго билим берүүнүн бардык түрлөрүн (формалдуу, бейформал жана информалдык), ошондой эле бардык секторлорду жана багыттарды, ар кандай окуу аянтчаларын, анын ичинде күндүзгү, онлайн жана аралаш окутууну, ошондой эле окуучулардын ар кандай топторун камтыган бүтүн мамиле керек. Ошентип, баарын камтыган жана сапаттуу билим, ошондой эле өмүр бою билим алуу жаштар жана улгайган адамдар үчүн эмгек чөйрөсүнө гана эмес, жеке жыргалчылык жана жалпы бакубатчылык үчүн кызмат кылган коомдук башталыш болгон окуу чөйрөсүн түзүү керек.

unesco
Institute for
Lifelong Learning

**Чоңдорго билим берүүнү өзгөртүү үчүн иш-аракеттер боюнча сунуштамалар**

Башкаруу алкактарын жана механизмдерин түзүү

21. Билим берүү чөйрөсүндөгү коомдук келишимди жаңыртуунун зарылчылыгын таануу менен, биз ЮНЕСКОго өмүр бою билим алууга байланыштуу адам укуктарын камсыздоонун учурдагы системасын бекемдөөнүн жолдору жөнүндө эксперттердин тиешелүү консультациясын жана өкмөттөр аралык диалогду демилгелөөнү сунуштайбыз. Бул процесстин алкагында негизин чоңдорду окутуу жана билим берүү түзгөн, өмүр бою билим алууга укук концепциясын ишке ашыруунун ылайыктуу жолдорун изилдөө жана ар бир мүчө мамлекет үчүн ыңгайлаштырылган өмүр бою билим алуу маданиятын түзүү керек.

22. Биз бардык тиешелүү жана негизги катышуучулар, атап айтканда, министрликтер, жарандык коомдун уюмдары, жаштар, жеке сектор, университеттер жана чоңдорго билим берүү кызматтарынын провайдерлери менен чоңдорго билим берүүнү башкарууну колдоо үчүн секторлор аралык платформалардын баалуулугун тааныйбыз. Ошондой эле биз жумушчулар менен иш берүүчүлөрдүн жана алардын уюштуруучулук түзүмдөрү ортосундагы диалогдун маанилүүлүгүн баса белгилейбиз, ал көпчүлүк өлкөлөрдө квалификацияны үзгүлтүксүз жогорулатуу көз карашынан алганда башкарууга көмөктөшөт.

Чоңдорго билим берүү үчүн системаларды кайра уюштуруу

23. Окутуунун татаал экосистемаларынын пайда болушунун жыйынтыгында чоңдорго билим берүү кызматынын провайдерлеринин ар түрдүүлүгүн таануу менен, биз чоңдорго билим берүү түзүмдөрүн колдоо үчүн механизмдерди жана эрежелерди түзүүдө, финансылык жана адам ресурстарын бөлүүдө, ошондой эле жакшыртылган мамлекеттик билим берүү системасынын алкагында коомдук жана жалпы жыргалчылык катары чоңдорго билим берүүнү жөнгө салууда, көмөктөшүүдө, түрткү берүүдө, координациялоодо жана мониторинг жүргүзүүдө өкмөттөрдүн ролун бекемдөө зарылчылыгы жөнүндө билдиребиз.

24. Биз окутуу программаларын пландаштыруунун, иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун стратегиялык аспекти катары, ошондой эле жамааттык окуу борборлору сыяктуу окутуу боюнча демилгелерди колдоо жана (тең) каржылоо үчүн жергиликтүү деңгээлде чоңдорго билим берүүнү бекемдөөнүн маанилүүлүгүн тааныйбыз, алар чоңдорду окутуу боюнча квалификациялуу адистер менен камсыздалышы керек. Биз окуу мейкиндиктеринин ар түрдүүлүгүн тааныйбыз: техникалык жана кесиптик билим берүү жана окутуу (TVET), жогорку окуу жайлары, китепканалар, музейлер, иш орундары, коомдук жайлар, искусство жана маданият, спорт жана эс алуу мекемелери, курдаштар топтору, үй-бүлө жана башкалар. Бул жергиликтүү деңгээлде бардык үчүн өмүр бою билим алууну илгерилетүү үчүн институттук потенциалды бекемдөөнү билдирет, мисалы, окутуу шаарларынын тармактарын өнүктүрүүнү колдоо, жергиликтүү кызыкдар тараптардын, анын ичинде коомдук топтордун жана мекемелердин катышуусу аркылуу.

25. Мындан тышкары, эмгек ишмердигинин ичинде жана эмгек ишмердиктеринин ортосунда окутуунун ийкемдүү жолдорун түзүүнү колдоого алуубузга ылайык, биз мурдагы окутууну таануунун, ошондой эле калктын бардык катмарларын – өзгөчө ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар сыяктуу жакыр жана жетиштүү өкүлдөнбөгөн топторду ачык жана ийкемдүү окутуу экосистемаларына киргизүү үчүн бейформал жана информалдык окутууну бул максатка ылайыктуу жана орундуу болгон жерде ырастоонун жана аккредитациялоонун маанилүүлүгүн баса белгилейбиз. Ушуга байланыштуу түпкү калкты бардык билим берүү жана өмүр бою билим берүү процесстерине киргизүүгө өзгөчө көңүл буруу керек. Окутуунун ийкемдүү траекториясын түзүү ар кандай программалардын, окутуу деңгээлдеринин жана жумуштуулук секторлорунун ортосундагы мобилдүүлүктү камсыздоого карата, ошондой эле окуучулар билим берүү секторлорунун жана эмгек рынокторунун ортосунда көпүрө түзүүнүн артыкчылыктарын пайдалануу менен, өз талантына жана кызыгууларына ылайык өзүнүн окутуу траекториясын тандай алышы үчүн ачкыч болуп саналат.

Окутуу сапатын камсыздоо

26. Биз мугалимдердин жана окутуучулардын, анын ичинде волонтер-насаатчылардын жана чоңдорду окутуу жана билим берүү менен алектенген башка адистердин маанилүү ролун баса белгилейбиз. Биз университеттер жана илим-изилдөө институттары менен кызматташтыкта алдын ала даярдоо, өндүрүштөн алагды кылбай окутуу жана үзгүлтүксүз окутуу аркылуу, анын ичинде алардын эмгек шарттарын, анын ичинде эмгек акысын, статусун жана кесиптик өнүгүү траекториясын жакшыртуу аркылуу алардын квалификациясын жогорулатуу жана андан аны кесиптештирүү жана адистештирүү боюнча саясатты жана стратегияны ишке ашырууга милдеттенебиз. Ошондой эле биз окутуучуларды кесиптештирүү жана алардын квалификациясын жогорулатуу үчүн чоңдорго билим берүүнүн компетенциялар алкагын тааныйбыз.

27. Чоңдорго билим берүү моделинде күндүзгү окутуунун маанилүү ролун баса белгилөө менен, биз глобалдык жарандуулук жаатындагы билим берүү, туруктуу өнүгүү, ден соолук жана жыргалчылык кызыкчылыктарында билим берүү, социалдык-эмоционалдык, трансверсалдык көндүмдөр, сын көз караш менен ой жүгүртүү жана санариптик көндүмдөр сыяктуу өзүнө окутуунун жаңы багыттарын камтый турган, актуалдуу, басмырлоосуз жана гендердик-сезгич билим берүү программаларын жана окутуу материалдарын жайылтууга милдеттенебиз.

28. Чоңдорго билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн биз баарын камтууну, сапатты жана актуалдуулукту андан ары илгерилетүү үчүн саясый жана практикалык чараларды аныктоо үчүн изилдөөлөрдү жана баалоолорду жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейбиз. Бул окуу программаларын иштеп чыгуучуларды, окутуучуларды жана чоңдорго билим берүү программаларынын катышуучуларын колдоого багытталган биргелешкен изилдөөлөрдү камтышы керек..

Каржылоо көлөмүн көбөйтүү

29. Биз чоңдорго билим берүү үчүн мамлекеттик каржылоону жогорулатууга жана ресурстарды мобилизациялоого, ошондой эле учурдагы бюджеттен каражат бөлүүнү азайтуунун алдын алууга милдеттенебиз. Өмүр бою билим алуунун компоненти катары чоңдорго билим берүү кызыкдар тараптардын кеңири тобу, ар кандай министрликтер, иш берүүчүлөр жана башка жеке субъекттердин, жергиликтүү бийлик органдарынын жана окуучулардын салымынын эсебинен каржыланышы керек. Мындай каржылоо формулалары өзүнө башка булактар жана механизмдер менен туруктуу бюджет, анын ичинде аралаш каржылоо жана аялдар жана аялуу же маргиналдашкан топтордон чыккан окуучулар үчүн максаттуу чаралар боюнча милдеттенмелерди айкалыштырышы керек. Биз акырындык менен каржылоонун эл аралык стандарттарына ылайык келүү үчүн ар бир өлкөнүн шарттарына ылайык чоңдордун билим алуусуна мамлекеттик чыгымдарды жогорулатууга даярбыз: ички дүң продуктунун (GDP) 4-6%дан кем эмеси жана/же билим берүүгө жалпы мамлекеттик чыгымдардын 15-20%дан кем эмеси.[3]

30. Эл аралык кызматташтык чоңдорго билим берүүнү каржылоонун тиешелүү деңгээлине жетүүдө ойногон ролду жана бардык 17-ТӨМ жетүүдө чоңдорго билим берүүнүн потенциалдуу салымын эске алуу менен, биз чоңдорго билим берүүгө түрткү берүү үчүн билим бер чөйрөсүндөгү кызматташтыкты каржылоонун глобалдык механизмдердин масштабдарын кеңейтүүгө чакырабыз. 4-ТӨМ максаттарына жетүү боюнча өзүнө алынган милдеттенмелерге ылайык, биз учурдагы глобалдык билим берүү фонддорун, атап айтканда «Билим берүү жаатындагы глобалдык өнөктөштүк» жана «Билим берүү күтө албайт» фонддорун чоңдорго билим берүүнү стратегияларга, артыкчылыктарга жана алар өз өнөктөштөрүнө көрсөтүп жаткан финансылык колдоо көрсөтүүгө киргизүүгө чакырабыз. Биз чоңдордун сабаттуулугу жаатында 4-ТӨМ максаттарына жетүү үчүн каржылоонун тартыштыгын жоюунун үстүнөн иштөөгө жана Өнүктүрүү максаттарында расмий жардамга (ODA) байланыштуу милдеттенмелерди, анын ичинде көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдүн максатка - өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ODA үчүн 0,7 пайыз улуттук дүн продуктка (GNP) жетүүсү боюнча милдеттенмелерин аткаруу аркылуу көндүмдөрдү үйрөтүүнү интеграциялоого милдеттенебиз.

[3] Бул милдеттенмелер 2015-жылдын 21-майында Инчхонло билим берүү боюнча дүйнөлүк форумда алынган жана 2015-жылдын 4-ноябрында Парижде жогорку деңгээлдеги жолугушууда ЮНЕСКОнун 184 мүчө мамлекети тарабынан кабыл алынган.

[4] Бул милдеттенме 17-ТӨМ, 17.2-милдетинин алкагында кабыл алынган.

Бардыгын камтуулу илгерилетүү

31. Биз бул сектордо жетиштүү өкүлдөнбөгөн маргиналдашкан, жакыр адамдардын, аялуу топтордун жана коомчулуктардын чоңдорго билим берүүгө жетүү мүмкүндүгүн кеңейтүүдө артыкчылыктар катары аларды таануу менен, ар түрдүүлүккө, анын ичинде тилдин ар түрдүүлүгүнө, инклюзивдүүлүккө, жеткиликтүүлүккө жана теңдикке артыкчылыктуу мааниге берүүгө милдеттенебиз. Адилеттүүлүк жана бардыгын камтуу максаттары түпкү элдердин чындыгын жана аларга карата милдеттенмелерди эске алганы өтө маанилүү. Бул милдеттенмелер адам укуктары катары билим берүүнү ырастоодон чыгат, ал өзүнө мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү, активдүү жана глобалдык жарандуулук катары катышуу укугун камтыйт.

32. Биз бейформал да, формалдуу да программаларда чоңдорго билим берүүгө катышууну кыйла кеңейтүүгө милдеттенебиз жана өлкөлөрдү окуучулардын ар кандай топторунун катышуусу үчүн амбициялык багыттарды белгилөөгө чакырабыз. Азыркы учурда бул программа менен камтылбаган калктын жана чоңдордун аялуу топторун камтуу үчүн биз билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу, катышууну кеңейтүү жана окуучулардын мотивациясын жогорулатуу үчүн маалыматты жайылтуу жана консультация берүү системасын илгерилетүүгө милдеттенебиз.

33. Биз билим берүү кызматтары менен жетиштүү камсыздалбаган калктын топторуна басым жасоо менен окуучулардын катышуусунда жана сактоодо прогрессти көзөмөлдөө, ошондой эле мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин, илимий чөйрөлөрдүн, жарандык коомдун жана мүчө мамлекеттердин ортосунда билим алмашууга көмөктөшүү мүмкүнчүлүгүн берген, чоңдорго билим берүү чөйрөсүндөгү гендердик аспекттерди эске алуу менен, ишенимдүү, анык, айкын жана жеткиликтүү маалыматтык системаларды киргизүүнүн маанилүүлүгүн ырастайбыз.

Кеңири билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн берүү

34. Биз кайрадан сабаттуулукту чоңдорду окутуу жана билим берүү үчүн негиз катары билим жана компетенттүүлүк деңгээлдеринин жыйындысы катары көрүүнү ырастайбыз. Биз тиешелүү саясатты ишке ашыруу жана 4.6-ТӨМ максаттарына жетүү боюнча аракеттерибизди кыйла активдештирүүгө милдеттенебиз. Бул өзүнө бардыгын камтыган жана фактыга негизделген, гендердик-сезгич, сектор аралык жана инклюзивдик сабаттуулук саясатын жана аны ишке ашыруу стратегиясын иштеп чыгууну камтыйт.

35. Биз жумуш ордунда окутуу олуттуу мааниге ээ экенин тааныйбыз. Өмүр бою билим берүү маданиятын түзүү жумушчуларга татыктуу жумушту камсыздоодо жана сактоодо жардам берүү, жаңы эмгек талаптарына ыңгайлашуу жана жеке өнүгүүгө жана өзүн ишке ашырууга жетүү үчүн маанилүү. Ошондой эле биз жумуш ордунда окутуу инклюзивдик жана адилеттүү коомду курууга көмөктөшүүсү керектигин тааныйбыз. Чоңдорго билим берүү жумуш ордунда натыйжалуулуктун, өндүрүмдүүлүктүн жана жыргалчылыктын деңгээлин жогорулатууга көмөктөшөт жана биз иш берүүчүлөрдү өзүнө жоопкерчилик алууга жана иш ордунда чоңдорго билим берүүгө инвестиция салууга чакырабыз.

36. Туруктуу өнүгүү үчүн климатты коргоо жаатындагы иш-аракеттердин актуалдуулугун жана маанилүүлүгүн түшүнүү менен, биз туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүнү илгерилетүүгө жана жаштардын жана чоңдордун туруктуу өнүгүүнүн актуалдуу маселелерин жакшы түшүнүүсү жана өзүнүн керектөө моделин жана жашоо образын ыңгайлаштыруу менен, ыйгарым укуктуу жарандар катары аракеттенүүсү, айлана-чөйрөнү коргоо жана сактоо боюнча демократиялык талкууларга жана демилгелерге активдүү катышуусу үчүн жана климаттын өзгөрүшүнүн себептери жана кесепеттери жөнүндө маалымдуулукту жогорулатууга милдеттенебиз.

37. Технологиялардын чоңдорго билим берүүдө ойногон олуттуу ролун таануу менен, мүчө мамлекеттер санариптик ажырымды кыскартуунун жана санариптик сабаттуулукту жана көндүмдөрдү илгерилетүүнүн жолдорун аныктоого, ошондой эле билим алууга жетүү мүмкүндүгүн аныктаган ЮНЕСКОнун ченемдик куралдарына (Ачык билим берүү ресурстары боюнча сунуштамалар 2019-ж. жана Ачык илим боюнча сунуштамалар 2021-ж.) таянып, ошондой эле жасалма интеллектти пайдалануу менен (Билим берүү чөйрөсүндөгү ЖЖ этикасы боюнча сунуштамалар 2021-ж.) «Билим альянстары» үчүн жаңы багыттарды түзүүгө милдеттенет. Ушундан улам чоңдорго билим берүүгө өтө муктаж болгон маргиналдашкан адамдарды жана коомчулуктарды камтуунун натыйжалуу каражаты болуп саналган аралаш окутууну илгерилетүү менен, биз жалпы жана коомдук жыргалчылык үчүн ачык билим берүү ресурстарын илгерилетүүгө жана теңдик жана тартылгандык, купуялуулук жана окутуу үчүн технологияларды пайдаланууга карата этика менен байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүгө умтулабыз.

38. COVID-19 пандемиясынын таасирин эске алуу менен, биз жеке жыргалчылык жана коомдук саламаттык үчүн окуунун маанилүүлүгүн белгилейбиз. Биз чоңдорго билим берүүнүн калктын, анын ичинде улгайган адамдардын саламаттыгына оң таасирин пайдаланып, улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде чоңдорго билим берүү саясатында жана программаларында бул аспекттерди күчөтүү зарылчылыгын тааныйбыз. Саламаттык жана жыргалчылык үчүн билим берүү 3-ТӨМ менен 4-ТӨМ байланышынын, ошондой эле чоңдорго билим берүүнү жана саламаттыкты көп сектордук стратегияга жана программаларга кошуунун маанилүү экендигин баса белгилейт.

39. Биз социалдык көйгөйлөрдү жана өнүктүрүү көйгөйлөрүн чечүүдө активдүү жана глобалдык жарандуулуктун, ошондой эле медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун маанилүүлүгүн баса белгилейбиз жана маалыматты сын көз караш менен баалоо, негиздүү чечимдерди кабыл алуу, өз ишин өнүктүрүү жана жергиликтүү коомчулуктун жашоосуна олуттуу салым кошуу жана коомдук талкууларга активдүү катышуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү максатында чоңдор үчүн жарандык билим берүүнү бекемдөө боюнча демилгелерди колдоого алабыз.

40. Биз 2030-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүү жаатындагы күн тартибин бул программанын жакынкы жылдарга чоңдорго билим берүүнүн көп кырлуу максаттарына жетүү үчүн координацияны жана синергияны камсыздоого таасирин таануу менен, трансферсалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн жол картасы катары пайдаланууга милдеттенебиз. Сапаттуу билим берүү жана өмүр бою окутуу 4-ТӨМ ишке ашыруунун маанилүү механизмдери, ошондой эле жакырчылыктын бардык формаларын толук жоюу (1-ТӨМ), ден соолукту жана жыргалчылыкты (3-ТӨМ), гендердик теңчиликтик (5-ТӨМ )камсыздоо, теңсиздикти кыскартуу (10-ТӨМ), акы төлөнүүчү жумуштуулукту камсыздоо жана татыктуу жумуш орундарын түзүү (8-ТӨМ), инклюзивдик, коопсуз, жашоого чыдамдуу жана туруктуу шаарларды куруу (11-ТӨМ), адилеттүү, тынч, инклюзивдик, зомбулуктан эркин коомду түзүү (16-ТӨМ) жана климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү боюнча чараларды көрүү (13-ТӨМ) үчүн негиз болуп саналат. Мындан тышкары чоңдорго билим берүү билим алуу укугу болуп саналат жана адамдын бардык укуктарын ишке ашыруу үчүн чечүүчү мааниге ээ.

**Сактоону жана аткарылышын контролдоону камсыздоо боюнча эл аралык кызматташтык**

41. Ушул Алкактык иш-аракеттер программасынын милдеттенмелерин аткаруу менен, билимди жана алдыңкы тажрыйбаны туруктуу алмашуу максатында, өз ара үйрөтүүгө жана институционалдык потенциалды өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүп, ошондой эле эл аралык тилектештик максатында, биз чоңдорго билим берүүнү жакшыртууга жана өмүр бою билим алууга көмөктөшүүгө багытталган эл аралык кызматташтык демилгелерине мындан ары да колдоо көрсөтүүгө жана катышууга милдеттенебиз.

42. Биз 4-ТӨМ жана башка ТӨМгө жетүүдө өзгөчө көйгөйлөргө кабылган мүчө мамлекеттерге өзгөчө көңүл бурууга милдеттенебиз:

- Чыр-чатактан жабыркаган мүчө мамлекеттер, чоңдорго билим берүүгө катышуу жаатында алардын өзгөчө муктаждыктарын эске алуу менен, анын ичинде качкындар жана көчкөн адамдар үчүн, ошондой эле потенциалын өстүрүүгө.
- Чакан өнүгүп келе жаткан арал мамлекети (SIDS), климаттын өзгөрүшү менен татаалдашкан, алардын түзүмдүк аялуулугун эске алуу менен.
- Билим берүү жаатында туруктуу көйгөйлөргө кабылган жана келечектеги өнүгүү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү сунуштаган Африка континентинин мамлекеттери.
- Азыраак өнүккөн өлкөлөр (LDC), алар мурдагыдай эле өзгөчө көңүл бурууга жана максаттуу колдоо көрсөтүүгө муктаж.

43. Биз Бириккен Улуттар Уюмунун алдыңкы билим берүү мекемеси катары ЮНЕСКОго жетишилген прогресске мезгилдүү серепти камсыздап, мүчө мамлекеттер менен кызматташтыкта ушул Алкактык иш-аракеттер программасын ишке ашырууну колдоого алууну сунуштайбыз.

unesco

Institute for
Lifelong Learning

44. Биз Чоңдорду окутуу жана билим берүү боюнча глобалдык баяндама (GRALE), Билим берүүгө мониторинг боюнча глобалдык альянс (GAML), Сабаттуулукту жайылтуу боюнча глобалдык альянс (GAL), Билим берүүгө мониторинг боюнча дүйнөлүк баяндама (GEMR), 4-ТӨМ – «Билим берүү 2030» жогорку деңгээлдеги жетектөөчү комитети, Туруктуу өнүктүрүү боюнча жогорку деңгээлдеги саясый форум, эл аралык өнөктөштөрдүн, анын ичинде өкмөттүк эмес уюмдардын иши жана улуттук деңгээлдеги мониторинг сыяктуу механизмдерди жана платформаларды камтыган, 4-ТӨМ глобалдык архитектурасына таянуу менен глобалдык, аймактык, улуттук, субулуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде тиешелүү механизмдердин жардамы менен ушул Алкактык иш-аракеттер программасын илгерилетүүгө милдеттенебиз. Биз Марокко Королдугунун демилгеси боюнча Өмүр бою билим алуунун Африка институтун түзүүнү колдоого алабыз.

45. GRALE салтына ылайык, биз кайрадан ишенимдүү, ишенимдүү, айкын жана жеткиликтүү маалыматтын жана гендердик-сезгич мониторинг системаларынын зарылчылыгы жөнүндө билдиребиз, алар ушул Алкактык иш-аракеттер программасын кабыл алууга мезгилдүү мониторинг үчүн актуалдуу жана так маалыматтарды берет, ошондой эле мүчө мамлекеттердин жана чоңдорго билим берүүнүн башка негизги топторунун ортосунда билимди жана алдыңкы тажрыйбаны алмашууну жеңилдетүү үчүн санариптик платформаны колдоо мүмкүнчүлүгүн берет.

46. Биз атайын куралдардын жардамы менен чоңдорго билим берүү жаатындагы прогресс жөнүндө мезгилдүү баяндамаларды, анын ичинде Глобалдык баяндаманы жана жетишилген прогрессти баалоо үчүн 2028-жылдагы CONFINTEA VII орто мөөнөттүү серебин берүү максатында, ЮНЕСКОну ЮНЕСКОнун Өмүр бою билим берүү институту аркылуу глобалдык деңгээлде мониторинг процессин координациялоого чакырабыз.

47. Ошондой эле биз Марокко Королдугунун КОНФИНТЕА VII аяктагандан кийин ушул Алкактык программанын сунуштарын натыйжалуу жана биргеликте аткарууну колдоо максатында секторлор аралык комиссия түзүү сунушун кубаттайбыз.

48. Ошондуктан биз Марракеш иш-аракеттер алкактарын кабыл алышыбыз керек, ал бардыгы үчүн социалдык жактан бирдиктүү, толук кандуу, инклюзивдүү жана туруктуу келечекти куруу үчүн өмүр бою билим алуунун перспективаларынын алкагында чоңдорго билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана өзгөртүүчү потенциалын пайдаланууга жардам берет.